КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
НАРЗАН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НАРЗАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-ж «05» октября №38 Беловодск а.

Балдардын укугун жана кызыкчылыгын камсыздоо боюнча 2026-жылдын III-кварталында аткарылган иштери тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодексинин 20-беренесине ылайык, Нарзан айылдык кеңешинин жаштар иштери, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып жана талкуулап, Нарзан айылдык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1. Нарзан айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын III кварталында балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалыматы эске алынсын.

2. Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысына ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жүктөлсүн.

3. Бул токтом каттодон өткөрүлүп, Нарзан айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жөнөтүп, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жаштар иштери, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча Нарзан айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

.

Төраганын м.у.а **А.Т.Урманбетов**

Кыргыз Республикасы
Чүй облусу Москва району
Нарзан айыл өкмөтү

Кыргыз Республикасынын “Балдар жөнүндө” кодексинин 20-беренесинин негизинде Балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыздоо боюнча 2026-жылдын III-кварталында жүргүзүлгөн иштер жөнүндө маалымат

2026-жыл

Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө" кодексинин 20-беренесинин негизинде Балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыздоо боюнча 2026-жылдын III- кварталында жүргүзүлгөн иштери тууралуу маалыматы

Кыргыз Республикасынын төмөнкү мыйзамдарынын аткарылышын камсыздоо максатында:

«Жашы жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө»;

«Балдарга карата ырайымсыз мамиледен жана үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо жөнүндө»;

«Мигранттардын балдары жөнүндө»;

«Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө»;

«Эрте никелердин алдын алуу жөнүндө»;

«Суициддин алдын алуу жөнүндө» мыйзамдарынын алкагында:

Нарзан айыл өкмөтү тарабынан 2026-жылдын III-кварталында төмөнкү жардамдар көрсөтүлдү.

Көрсөтүлгөн социалдык жардам:

Нарза найыл аймагындагы 2026–2027-окуу жылына карата балдарга жардам көрсөтүлдү

2026-жылдын 10-сентябрында Нарзан айыл өкмөтү тарабынан 2026–2027-жаңы окуу жылына карата социалдык жактан колдоого муктаж үй-бүлөлөрдүн балдарына жардам көрсөтүлдү.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен жалгыз бой энелерге, көп балалуу жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 14 үй-бүлөгө ар бирине 5 000 сомдон, жалпы **70 000 сом өлчөмүндө акчалай материалдык жардам** көрсөтүлдү.

Ошондой эле Москва райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан 15 балага окуу куралдары берилди.

Мындан тышкары, Нарзан айыл өкмөтү тарабынан **AUN демөөрчүлөрүнүн колдоосу менен 15 балага окуу куралдары** таркатылып берилди.

Жардам көрсөтүүнүн негизги максаты — социалдык жактан колдоого муктаж үй-бүлөлөргө көмөк көрсөтүү жана балдардын жаңы окуу жылына керектүү окуу куралдары менен камсыз болушуна шарт түзүү.